# М А А Л Ы М А Т

**2. (Кыргыз Республикасынын БШКнын ЫЧККТнан (КГОР) №4 саны менен чыгышталып келген маалымат боюнча).**

2021-жылдын 13-июнунда, Ош шаардык АШКнан видео материал келип түшкөн, анда Ош шаарынын Амир-Тимур (Он-Адыр) кичи шаарчасында, белгисиз адамдар жол иштерин жүргүзүшүп, тактап айтканда, алар жөө жүргүнчүлөр өтүүчү өткөлдү краскалап жатышкандыгын, аталган видео материалдын аягында, аял киши [redacted] аттуу жаранга аткарган иши үчүн ыразычылыгын билдирип жаткандыгын билдирип, Ош АШКна өзүнүн жеке маалыматтарын ачыкка чыгаргысы келбеген атуул кайрылгандыгын билдирген.

Билдирүүнүн ээси бул иштерди депутаттыкка талапкер [redacted] жүргүзүп жаткандыгын белгилеген.

Бул факты боюнча, 2021-жылдын 13-июнунда саат 19:37де Ош ШИИБнын МЭЖна №02-041-2021-001523 саны менен катталып текшерүү башталган.

14.06.2021-жылы маалыматты терең текшерүү үчүн Ош шаардык ИИБнын КЖБРне Кыргыз Республикасынын ЖКнин 192-беренесинин 1-бөлүмү менен 03-041-2021-001154 сандуу сотко чейинки өндүрүш иши катталган.

***Текшерүү учурунда,***

Ош шаардык кеңешинин депутаттарына боло турган шайлоого "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясынан талапкер, [redacted] өзүнүн көрсөтмөсүндө, 12.06.2021-жылы, Ош шаарынын Амир-Тимур кичи шаарчасынын 101-көчөсүндө жөө жүргүнчү өтүүчү өткөлдү оңдоп түзөө иштерине анын эч кандай тиешеси жок экенин билдирген.

Тергөө аракеттеринин жүрүшүндө, ыкчам тергөө тобу тарабынан окуя болгон жерге кароо жүргүзүлүп, видео тасмага тарткан жана Ош шаарынын Амир-Тимур кичи шаарчасынын 101-көчөсүндө жөө жүргүнчү өтүүчү өткөлдү краскалаган атуулдары табууга багытталган тергөө тапшырмалар берилип, ыкчам-тергөө аракеттери жүргүзүлүп жаткандыктан, тергөөнүн жыйынтыгы менен кошумча маалымат бирилет *(аталган маалымат 20.06.2021-жылы **КРнын БШКнын ЫЧККТнан маалымат №4** саны менен чыгышталып кайталанып келген)* [redacted]

**Ош шаардык ИИБнын**
**Тергөө кызматы**